*УДК:371. 3*

***Байтемирова А. А., Карымшакова Ж. Ө.***

# ОКУУ ПРОЦЕССИНДЕ ОКУТУУНУН ИНТЕРАКТИВДҮҮ ЫКМАЛАРЫН КОЛДОНУУНУН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ

***Байтемирова А. А., Карымшакова Ж. О.***

# НЕКОТОРЫЕ ВОПРОСЫ ОБ ИСПОЛЬЗОВАНИИ ИНТЕРАКТИВНЫХ МЕТОДОВ ОБУЧЕНИЯ В УЧЕБНОМ ПРОЦЕССЕ

***A. A. Baitemirova, Zh. O. Karymshakova***

# SOME QUESTIONS ABOUT USING INTERACTIVE METHODS OF TEACHING IN EDUCATIONAL PROCESS

**Аннотация:** Интерактивдүү окутуу билим берүүчү ишмердүүлүктүн атайын уюштуруучу формаларын колдонууну жана интерактивдүү окутуу үчүн шарттардын түзүлүшү сыяктуу айкын максаттын коюлушу, окууда окуучулар менен окутуучулардын бири- бири менен болгон өз ара аракеттешүүсүнүн жана кызматташтыгынын жүргүзүлүшүн талап кылат, ошону менен бирге окуу процессин натыйжалуу жана эффективдүү болуусуна алып келет. Ар бир интерактивдүү ыкма белгилүү бир максатты ишке ашыруу үчүн колдонулат жана сапаттуу билим берүүгө көмөктөшөт. Ушуну менен катар окутууда инновациялык технологиялардын сабакта колдонулушу студенттердин жогорку деңгээлдеги активдүүлүгүн камсыз кылуунун негизинде коюлган иш максатка жетүүгө багытталган.

**Негизги сөздөр:** окутуунунинтерактивдүү ыкмасы, окуучунун активдүүлүгү, өз ара аракеттешүү, окуу процесси

**Аннотация**: Интерактивное обучение требует использования специальных форм организации познавательной деятельности и ставить такие конкретные цели как например, создание условий для интерактивного обучения, включенность студентов в учебное взаимодействие и сотрудничество с преподавателем и друг с другом, что делает процесс обучения продуктивным и эффективным. Каждый интерактивный метод используется для решения определенных целей и обеспечения качественного образования. Инновационные технологии направлены на достижение поставленной цели на основе обеспечения высокой степени активности студентов на занятиях.

**Ключевые слова:** интерактивный метод обучения, активность студента, взаимодействие, учебный процесс.

**Annotation**: Interactive teaching requires the use of special forms of organization of cognitive activity and to put such specific goals such as the creation of conditions for interactive teaching, involvement of students in educational cooperation and collaboration with the teacher and each other, which makes the learning process more productive and efficient. Each interactive method is used to solve a particular purpose and provide quality education. Innovative technologies are aimed at achieving this goal by providing a high degree of activity of students in the classroom.

**Key words:** interactive teaching methods, students' activity, intercommunication, educational process

Азыркы мезгилде окуучулардын таанып билүү жөндөмдүүлүгүн, өз билимин өнүктүрүү, өзүн-өзү таанып билүү жана калыптандыруусун пайда кылуучу жана өнүктүрүүчү интерактивдүү методдор кеңири колдонула баштады. Кандай сабакта

болбосун интерактивдүүыкмаларды колдонуу окутуучулар үчүн гана эмес, окуучулардын дагы окуу процессин жеңилдетет. Ар бир интерактивдүү ыкма белгилүү бир максатты ишке ашыруу үчүн колдонулат жана сапаттуу билим берүүгө көмөктөшөт.

**Интерактивдүү**- булланглистилиненкоторгондо«өз ара аракеттеолуу» дегендибилдирет.

**Интерактивдүү ыкма** менен окутуу баарыдан мурда бул окуу процессинде өз ара байланышта болуп жана түгөйлөрдүн же группалардын өз ара аракеттениши жана кызматташтыгы. Интерактивдүү ыкма– татаал идеяларды түшүнүүгө жана окутуунун максаттарына жетишүүгө жардам берген каражат катары интерактивдүүлүк колдонулуучу усул. Интерактивдүүлүк–идеяларды жазуу, оозеки түрдө же кандайдыр бир сигналдардын жардамы менен алмашу учулук.

**«Окутуунун интерактивдүү ыкмасы»** деген терминдин өзү педагогикада XX-к. 80-ж. пайда болгон. Советтик педагогикада ал «кызматташтык педагогикасы» деген наам алган. Бул аталыш советтик мектептин эң жакшы сапаттарын, орус жана чет элдик психология педагогикалык илимдин жана практиканын жетишкендиктерин бириктирип 80-жылдардагы мугалимдер тарабынан берилген.[1]

Жогоруда айтылгандай, интерактивдүү окутуунун башкы өзгөчөлүгү, окуу процесси группада биргелешип аракеттенүү аркылуу жүргүзүлгөндүгүндө. Биргелешкен иш окуучулардын ар биринин жалпы ишке кызыгуусун жаратат жана тырышып аракеттенүүнү, ойлонууну, чыгармачылык активдүүлүктү талап кылат. Изилдөөлөр көрсөткөндөй интерактивдүү ыкма менен окутууда, окуучулардын билим сапаты дагы жогорулайт. Ушуну менен катар окутууда инновациялык технологиялардын сабакта колдонулушу, студенттердин жогорку деңгээлдеги активдүүлүгүн камсыз кылуунун негизинде коюлган иш максатка жетүүгө багытталган.

Интерактивдүү ыкмаларокутуучу менен окуучунун жана окуучу менен окуучулардын ортосундагы өз ара байланыштарды, окутуу процессиндеги окуучулардын өз алдынча таанып билүү ишмердүүлүгүн уюштуруучу методдор болуп эсептелет. Интерактивдүү ыкмалар менен иштөөдө, окуучулар кандайдыр бир проблеманы талкуулап жатышып, аны чечүүнүн бир нече жолу бар экендигин түшүнө башташат, өз көз караштары менен башкалардын көз караштарын салыштырууну үйрөнүшөт.

Эгер сабак учурунда окуучулар ортосунда, ошондой эле окуучулар менен окутуучунун ортосунда карым-катыш жогорку деңгээлде жүрсө, мындай окутууже сабак берүү интерактивдүү болоору анык. Мындай карым-катыш адатта кайсы бир проблеманы кантип чечүү керек жана сунуш кылынган чечим канчалык алгылыктуу жүргүзүлүп жатканы талкуу түрүндө болот.[2] Мындагы эң башкы нерсе - маселени чечүү процесси анын жообундай эле мааниге ээ, атүгүл кээде андан да маанилүү экендигинде. Себеби, интерактивдүү методду колдонуудагы негизги максат - окуучуларга маалымат берүү эле эмес, алардын жоопторун өз алдынча таба билүү көндүмдөрүн да калыптандыруу болуп саналат.

Интерактивдүү ыкма ар түрдүү маселелерди чечүүдө өз ара аракеттенүү ыкмаларын ар башкача колдонууга ийкемдүү келет. Бирок кандай гана методду колдонбойлу, окуучулардын турмуштук тажрыйбасы билим алуунун негизги башаты катары каралышы керек.

Изилдөөлөр көрсөткөндөй интерактивдүү ыкмалар менен окутууда окуучулардын билим сапаты, креативдүү ойлонуусу, чечкиндүүлүгү дагы жогорулайт. Интерактивдүү ыкма менен окутууда окутуучунун ролу сабакта ишти максаттуу уюштуруусу жана кайтарым натыйжа алуусу.

Интерактивдүү ыкма менен сабак өтүүдө окутуучу-фасилитатор, насаатчы-багыт берүүчү болуп эсептелинет. Окутуучу-фасилитатор катары:

- Теманы, суроолорду аныктайт.
- Тактага же флипчартка аларды жазат.
- Окуучуларга тапшырманы түшүндүрөт.
- Тапшырманы аткаруунун убактысын белгилейт.
- Окуучуларды иштөө тартиби жана “алтын эреже” менен тааныштырат.
- Аткарган иштерин айтып берүүнүн тартиби (презентация) менен тааныштырат.
- Окуучуларга жоромолдоочу суроолорду берип турат.
- Маалыматтарды топтоп, идеяларды тактоого жардамдашат
- Ар бир окуучу көңүл коюп угуусун талап кылат
- Окуучуларды өз билимдерин бири-бири менен бөлүшүп кызматташ болууга чакырат.
- Окуучуларга багыт берип турат.
- Талкуунун аралыгында жыйынтыктоочу бүтүм чыгарып турат.
- Теория менен практиканы айкалыштырат.
- Окуу материалын жеңил кабыл алууну жана өздөштүрүүнү камсыз кылуучу ыкмаларды колдонот.
- Окуучулардын инсандык сапаттарынын өнүгүшүнө багыт берет.

Кээ бир окутуучулар интерактивдүү ыкманы сабаккызыктуу болгондугу үчүн колдонушаарын айтышат. Бул туура эмес пикир. Бардык эле сабактын максаты окуучуларды кызыктыруу менен гана чектелбейт.[3]

Окутуунун интерактивдүүыкмаларын колдонуунун оң жана терс жактары бар. Оң жактарына эн жогорку деңгээлдеги мотивация, ресурстук базанын кеңейүүсү, окутууну максималдуу индивидуализациялоо, чыгармачылыкка болгон кеңири мүмкүнчүлүктөр, материалды өздөштүрүүдөгү бекемдикти ж. б. айтууга болот. Ал эми терс жактарына - үйрөнүүчүлөрдөн талаптын катуу коюлушу, чек (лимит), үйрөнгөн материалдын анча чоң эмес көлөмү, убакыттын көп кетиши, жекече баалоонун татаалдыгын жана башкалардыбелгилөөгө болот. Интерактивдүү окутуунун пайдалуу жагы – окутуучунун шык-жөндөмүнүн болуусун, интерактивдүү методдорду туура тандап алуусун жана интерактивдүү окутуу үчүн шарттардын түзүлүүсүн, убакыттын туура бөлүштүрүүсүн, окуучулардын окууда окутуучулар менен, бири-бири менен өз ара аракеттенүүсүн жана кызматташтыгынталап кылуу менен, окуу процессинин эффективдүү болуусуна алып келет.

Окутуунун же өз ара карым-катыштын сапаты топтун санына жараша болбойт. "Өз ара аракеттенүү" ыкманын негизги өзгөчөлүгү мында: бул жаңыны ачуу процесси, анын жүрүшүндө окуучулар бири-бири менен карым-катышта болуу аркылуу өз алдынча билим алуу көндүмдөрүн өздөштүрөт. Интерактивдүү ыкмаларды активдүү колдонуп жүргөн окутуучулар окутуу дал ушул өз ара аракеттенүү процессинде эң ийгиликтүү жүрөрүн жакшы билишет. Алар «окуучулар мындайда батыраак окуп, талкуу учурунда билип алгандарын жакшы эстеп калышат», - деп эсептешет. Мунун төмөндөгүдөй себептери бар:

- Окуучулар маалымат эле албастан, өздөрү сунуштаган жол жана чечим эмне үчүн туура же, эч болбосо, айтылган башка варианттардан эмнеси жакшы экендигин логикалуу кылып түшүндүргөнгө аргасыз болушат.
- Окуучулар идеяларды кыйла терең иштеп чыгышат, анткени логикасыз айтылган пикирлер оңой эле жокко чыгарыларын билишет.
- Маселе чечүү учурунда окуучулар өздөрүнүн жана башкалардын тажрыйбасын пайдаланышат. Мындай билимдердин жалпы суммасы ар кандай жеке окуучунун билимине караганда көптүк кылат. Окутуучуөзү да окуучуларданжаңы нерселерди

билип, үйрөнүшү мүмкүн.

*Эки-экиден болуп же чакан топтордо иштөө учурундагы өз ара аракеттенүүнүн төмөндөгүдөй артыкчылыктары бар:*

- бүтүндөй класстын алдында өз пикирин айткандан тартынган же окутуучуга гана жооп берүүгө көнүп алган окуучулар, өз ойлорун чакан топто теңтуштары менен бөлүшө алат;
- окуучулар - башкалардын дагы өз пикирлери болорун, ал пикирлер таптакыр башкача болушу мүмкүн экендигин түшүнүшөт.[4]

Ар дайым интерактивдүү ыкмаларды колдонуп жүргөн окутуучулар маалыматты бир гана өзү айтып берип, анан көнүгүүлөрдү талкуулабай эле аткарууга берген класстарда окуучулар окутуучунун сөзүн жакшы эстеп калбайт жана колдо болгон ресурстардын ичинен эң таасирдүүсүн - өздөрүнүн теңтуштарынын идеяларын окуй билүүгө үйрөнүү. Айрым адистер интерактивдүү методду колдонгондо негизинен окуучулар көп сүйлөп, ал эми окутуучулар мүмкүн болушунча аз сүйлөгөндүктөн, окутуучунун ролу пассивдүү болот деп жаңылыш ойлошот. Бул туура эмес. Окутуунун салттуу усулдарынан айырмаланып, интерактивдүү методикада окутуучунун сабакка абдан активдүү катышуусу зарыл. Сабакта окутуучунун аз сүйлөшү анын ой жүгүртүү ишмердигинин токтоп калышын билдирбейт.

Окутуунун интерактивдүү методикасын колдонуу үчүн олуттуу жүйөлөр бар. Ошентсе да аны сабаттуу колдоно билбесе төмөндөгүдөй терс натыйжаларга алып келиши мүмкүн:

- жаңылыш идеялар менен түшүнүктөр калыптанат (айрыкча, эгерде айрым окуучулардын өз эркин башкаларга таңуулашына жол коюлса ушундай болот);
- айрым тартынчаак балдардын өз жөндөмүн көрсөтүшүнө мүмкүндүк берилбей калат;
- ата-энелер, башка окутуучулар жана окуу жайдын жетекчилиги сабакта болуп жаткан процессти түшүнбөй калат;
- группаны окутуучу башкара албай калат.

Өзүңүздөр байкагандай, интерактивдүү ыкмаларды туура эмес колдонгондо көп кыйынчылыктар пайда болот. Группаны билгичтик менен башкарып, өзүңүздүн окутуу максаттарыңызды жана пайдаланып жаткан методдоруңузду эмне үчүн тандагандыгыңызды даана түшүнүп алсаңыз, бул проблемаларды болтурбай кое аласыз. Чыгармачылык демилге колдоого алынып, алдыга коюлган маселени биргелешип чечишет. Окуучулар терең идеяларды иштеп чыгуу менен ар бири жеке пикирин айтуу укугунун бар экендигин билишет. Өзүнө-өзү ишенүүсү пайда болуп, бири-бирине үстөмдүк кыла албайт. Натыйжада окуучулардын активдүүлүгү артат, кызматташтыгы кеңейет.[5]

Өз билим жөндөмүн көргөзөт; сынчыл ой жүгүртүүсүн арттырат; түгөйү менен иштей билүү; группада иштей билүү; проблеманы көрө билүү жана аны чечүүнүн жолдорун издей билүү; өз ара мамиледе толлеранттулукту көрсөтө билүү; бири-бирин угуу; сыйлоо сапаттарына ээ болушат; окуучулар маалымат эле албастан алар сунуштаган жолдор жана чечимдер туура жана башка варианттардан жакшы экендигин логикалуу кылып түшүндүрүүгө аракет кылышат; окуучулар терең маанидеги идеяларды иштеп чыгышат; тапшырма аткаруу учурунда окуучулар өздөрүнүн жана башкалардын тажрыйбасын колдонушат.

Жыйынтыгында, интерактивдүү усулдарды активдүү колдонуудан өз ара аракеттенүү жакшырып, берилген материалды батыраак окуп, талкуу учурунда билип алган

маалыматтарын жакшы эстеп калышат. Ошентип жогоруда айтылган натыйжалар окутуунун интерактивдүү усулдарын активдүү пайдаланууга себепчи боло алат.

**Адабияттар:**


1. А. П. Панфилова, Инновационные педагогические технологии: Активное обучение: учебное пособие/А. П. Панфилова. М.:Издательский центр «Академия», 2009. 192 с.
2. Д. Ш. Шакиева, Н. А. Абдукадырова, Д. К. Камалова Применение интерактивных методов процессе обучения иностранным языкам, 2014№10- с. 450-451
3. Ж. Дуйшенова, Н. Казаккызы, М. Эсенгулова Мен лидер болгумкелет! Лидерлик сапаттарды өнүктүрүү боюнча жаш тренерлерге арналган колдонмо. Бишкек
4. И. Поплак. Новые программы требуют критического мышления//перемена, 2002-Том 3(4), 41-42беттер.
5. М. М. Эсенгулова, Ж. Д. Асекова Мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүү («Окуу жана жазуу аркылуу сынчыл ой жүгүртүүнү өстүрүү» усулунун теориясы жана практикалык тажрыйбасы) Бишкек-2008
6. М. М. Эсенгулова, Ж. Д. Асекова Сынчыл ойломду өстүрө турган окуу жана жазуу» программасынын хрестоматиясы Бишкек-2004
7. Ө. Саалаев. Окутуунун интерактивдүү усулдары. Бишкек – 2009
8. С. О. Байгазиев Окутуунун интерактивдүү методу. Бишкек 2008.
9. Т. С. Панина, Современные способы активизации обучения: учебное пособие /Т. С. Панина, Л. Н. Вавилова; под ред. Т. С. Паниной. – 4-е изд., стер. – М.: Издательский центр «Академия», 2008.


**Рецензент: д. пед. н., профессор Калдыбаева А. Т.**